# Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

*(2014-жылдын октябрь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктардын банктар аралык рыноктогу ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээли өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчкө караганда 9,8 пайызга, 673,2 млн. сомго чейин төмөндөшү байкалган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредит рыногунда репо шартында гана операциялар ишке ашырылган. Банктар ортосунда улуттук жана чет өлкө валютасында кредит боюнча бүтүмдөр келишилген эмес. Мында, репо шартында бүтүмдөр жылына 6,4 пайыз (+1,2 пайыздык пункт) орточо салмактанып алынган чен боюнча жүргүзүлгөн. Аталган кредиттердин көлөмү өткөн айдын көрсөткүчүнө салыштырганда 34,3 пайызга төмөндөө менен 4,3 млрд. сомду түзгөн.

Ошондой эле кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын инструменти болгон “овернайт” кредиттерине суроо-талаптын төмөндөшү байкалган, анын көлөмү 1,2 млрд сомду (-55,5 пайыз) түзгөн. “Овернайт” кредити боюнча Улуттук банк тарабынан белгиленген орточо салмактанып алынган чен 10,1 пайызга (+1,1 п.п.) жогорулаган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан кредиттик аукциондордун чегинде коммерциялык банктарга 280,0 млн. сом суммасында (-61,1 пайыз) кредиттер берилген, 7 күндүк жана бир күндүк кредиттер берилген эмес.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк коммерциялык банктардын 15,6 млрд сом суммасындагы каражаттарын «овернайт» шартында депозиттерге жайгаштырууну уланткан, бул сентябрь айындагы жайгаштырылган суммадан 2,5 эсе көп болгон.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Ай ичинде кредиторлордун концентрациялануу индекси 0,57 - 0,36 чейин, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси 0,27 - 0,25 чейин төмөндөгөн. Мындай индекстердин мааниси рынокто бирдей үлүшкө ээ үч кредиторлордун жана төрт карыз алуучунун катышкандыгына туура келет.

**2-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Банктар резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 11,3 пайызга төмөндөө менен сомдук эквивалентте 1,2 млрд түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен ишке ашырылган кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2,4 пайыз деңгээлинде сакталган.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 10 | 40,5 | 1 | 4,0 | | | 40,5 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 169,3 | 3 | 6,1 | | | | | 40,0 | 3,0 | | | | | | | 59,3 | 7,0 | 70,0 | 7,0 | | |
| 2014 | 01 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 155,8 | 3,0 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 104,0 | 1 | 7,0 | | | 104,0 | 7,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 78,8 | 1 | 12,5 | | | | | | | | | | | | | | | 78,8 | 12,5 | | |
| | 07 | 51,9 | 2 | 9,5 | | | | | 51,9 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 26,2 | 1 | 9,50 | | | | | 26,2 | 9,50 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 26,8 | 1 | 9,50 | | | | | 26,8 | 9,50 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 0,0 | | | | | | | 0,0 | | | | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) |
| 2013 | 10 | 1792,3 | 29 | 4,3 | 653,0 | 4,3 | 1139,3 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 317,5 | 12 | 4,3 | 199,0 | 4,4 | 118,6 | 4,2 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 419,2 | 6 | 4,0 | 20,0 | 3,5 | 399,1 | 4,0 | | | | | | | | | | | | | | |
| 2014 | 01 | 101,4 | 3 | 3,6 | 66,2 | 3,5 | 35,3 | 3,8 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 1626,8 | 36 | 4,9 | 508,0 | 5,3 | 1060,3 | 4,7 | 58,4 | 5,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 2574,9 | 62 | 8,1 | 787,7 | 8,4 | 1787,2 | 7,9 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 2606,1 | 64 | 7,7 | 401,3 | 7,6 | 2056,6 | 7,6 | 148,2 | 8,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 3035,2 | 53 | 7,5 | 620,1 | 7,7 | 2297,3 | 7,5 | 117,9 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 6174,1 | 76 | 7,8 | 3279,6 | 8,0 | 2630,4 | 7,6 | 215,0 | 8,5 | 49,2 | 8,0 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 7717,8 | 78 | 6,6 | 4506,8 | 6,0 | 2906,5 | 7,2 | 304,6 | 8,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | 8395,2 | 59 | 5,3 | 4598,9 | 5,1 | 3787,0 | 5,5 | 9,3 | 6,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 6588,7 | 72 | 5,2 | 361,2 | 4,9 | 6187,4 | 5,2 | 40,1 | 7,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 4327,6 | 74 | 6,4 | 375,2 | 5,9 | 3823,8 | 6,4 | 128,5 | 7,4 | | | | | | | | | | | | |